# Айбек Карымов "Айкөлүм Манас болгондо"

Атаңдын көрү дүнүйө,
Адашып минтип турганда,
Айкөлүм Манас болгондо,
Калкыма кандай иш болмок,
Коррупция дегенге,
Кагыла турган шиш болмок.
«Түндүк-түштүк» дегендин,
Түшүрө чапмак түндүгүн,
Бөксө мээлерге жеткирмек,
Бөлүнбөс кыргыз бирлигин.
Эсине салмак элинин,
Эзелки кыргыз кимдигин.
Ак сакал Бакай болгондо,
Камчысын кезеп бийикке,
Моминтип айтмак өз сөзүн:
«Бөлүнбө кыргыз, бөлүнбө,
Бөлүнсөң бөрү жеп кетет.
Бөлүнүп жатат кыргыз деп,
Бөлөк элге кеп кетет».
Кан Кошой бүгүн келгенде,
Каңырыгы түтөмөк.
Кара жемсөө далайды,
Коргонго айдап киргизип,
Кокосун кысып, бүтөмөк.
Кыргыл чалдын тукумун,
Кылыч менен каңдамак,
Абыке-Көбөш балдарын,
Ач буурадай чайнамак.
Алмамбет азыр болгондо,
Кытайдын жолун торголоп,
Кылыйып күлгөн кытмырдан,
Кыргызды күн-түн коргомок.
Ак Балтанын Чубагы,
Арстандыгын билгизмек,
Алтының талап жатканды,
Айылына кууп киргизмек.
Эр Семетей болгондо,
Тентибейт эле журтубуз.
Уланат болчу бузулбай,
Улуудан калган уркубуз.
Эламандын сырттаны,
Эр Төштүк азыр болгондо,

Жерди тешип кен казган,
Жетесиз далай жемкорду,
Наркескенин кайрамак,
Жер алдында жайламак.
Чайкоочу мойнун күрмөтмөк,
Чалкуйрукка сүйрөтмөк.
Эр Табылды болгондо,
Эл ичин чыкмак аралап,
Кыргызды ичтен ириткен,
Каны бузук кай бирөөн,
Тамга басмак артына,
Көндүрмөк кыргыз салтына.
Буроолорун бурамак,
Бушманы болсо сурамак.
Коктуга бөлбөй кыргызды,
Кылымдык кылып кынамак.
Эр Курманбек бир келсе,
Качкандарды таптырмак,
Абактыга жаптырмак.
Ак үйүнүн алдына,
Аттырмак же астырмак.
Партияларды жыйнамак,
Арасында алардын,
Арам тамак, бок курсак,
«Аңгилердин» далайын,
Алты бакса коргондон,
Ары-бери аттатып,
Алаасын айрып, кыйнамак.
Жол буугандарды жоготмок,
Тили узун кээ бир айымды,
Тикенекке бөлөтмөк.
Түштүктү бөлөм дегендин,
Түйрүп коймок бир жерин.
Телторусун теминип,
Токтотмок эле Курманбек,
Тексиздердин үргөнүн.
Ормон хан бүгүн келгенде,
Ордону бекем түптөмөк,
Ой терметип түн күзөп,
Осуятын күчтөмөк,
Ойт бермелерди карматып,
Омурткасын бүктөмөк.
Үзөнгү-Кууш, Каркыра,
Энчиси болмок кыргыздын,

Катылам десе кай бирөө,
Катыра жемек бир муштум.
Кан Жантай, Шабдан болгондо,
Калыстык туусун сайышмак,
Казакка кеткен жерлерди,
Кадиксиз кайрып алышмак.
Алымбек датка болгондо,
Кокондук артын кыпчытмак,
Анжияндык туугандар,
Атам кыргыз деп чыкмак,
Курманжан датка энебиз,
Кутманы болмок элинин,
Кул-кутанга тепсетпей,
Кулпусу болмок жеринин.
Ач көздөрдү айдамак,
Алайлык эмес алдына,
Алымбек датка чыкса да,
Арам оокат жыйгандын,
Артына колун байламак.
Акыл, күчүн, намысын,
Ак калпак элге арнамак.
Энеси болмок кыргыздын,
Эртеңин туймак турмуштун.
Калыгул атам болгондо,
Айтканым келген экен деп,
Көп кайгырып ыйламак,
Көсөлдөрдүн баарысын,
Көл жээгине жыйнамак.
Аргымагын темине,
Акылын айтмак элине.
Дегенин толук болтуртмак,
Алтыны эмес Кум-Төрдүн,
Кумун да кайра толтуртмак.
Адилдик үчүн күрөшмөк,
Кыргызы минтип турганда,
Олтурбайт эле күнөстөп.
Акелер келсе чогулуп,
Кул болбойт элек курсакка,
Баш салбайт элек кылтакка.
Тентибейт эле элибиз,
Тешилбейт эле жерибиз.
Бузулбайт эле элибиз,
Булганбайт эле көлүбүз.
Сарт болбойт элек сатынган,

Калк болбойт элек ачынган.
Биримдик үчүн турмакпыз,
Биригип оокат кылмакпыз.
Эр жигит элин коргомок,
Энелер пейлин оңдомок.
Аталар чыкмак насилдүү,
Айтканы болмок таасирлүү.
Жакшылар журтту баштамак,
Жазылбайт беле каш-кабак.
Айланбайт элек чөөткө,
Алданбайт элек жөөткө